| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 5 – марты, № 8/3 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы сугат суу пайдалануучулардын тарифин бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 2-главасынын 25 – беренесинин 3 – "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша дифференциялоо" жөнүндөгү беренесине жана айылдык кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.4-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагында сугат сууну пайдалануу акысын кайрадан бекитип берүү боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча башкы адиси-юристи А.Абакировдун Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгынын 12.02.2026-жылдагы №01-17/48 чыгуу санындагы катынын негизинде берген маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ылай-Талаа айыл аймагындагы огород жана үлүш жерлерге сугат сууну жеткиликтүү камсыз кылуу менен сугат суу пайдалануучулардын тарифи төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- сугат суу аянттарына 1 га жер аянтына – **1000 сом.**

2.Ылай-Талаа айыл аймагындагы тургундардын сугат суу аянттарына ички арыктарды жаңылап тарттырып сугат суу менен камсыз кылууну уюштуруу жана тургундардан сугат суу акыларын жыйноодо Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгына көмөктөшүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Рахманберди уулуна милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**